**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

Isкhak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 15-сессиясы**

## ТОКТОМ

**2026-жыл 22-июнь №63**

# Жер участокторун которуУга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине,“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34,39-беренелерине негиз, айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиянын корутундусуна ылайык, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ынтымак айылынын Кызыл участкасына социалдык обьекттер куруу үчүн жайыт жери багытынан 1,5 га жер аянтын өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер багытына которууга макулдук берилсин.
2. Которулган 1,5 га жер аянты социалдык обьекттер багытында пайдаланылсын.
3. Тиешелүү иш кагаздарын даярдап, токтомдун аткарылышын камсыздоо айыл өкмөткө тапшырылсын.
4. Токтом Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Г. Матажиев**